**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**кеңешинин отурумунун**

**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 28-ноябры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Каримов К.Ж. ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Бакалавр, магистратура баскычтарында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдыктардын абалы (өздүк баалоонун отчету )
2. Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары
3. "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча маселелер. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштурууну өнүктүрүү боюнча маселелер
4. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Каримов Кыяз шартка байланыштуу келе албай калгандыгын айтып, ошентсе да кворум бар экендигин билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

**1. Бакалавр, магистратура баскычтарында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдыктардын абалы (өздүк баалоонун отчету).**

Бакалавр, магистратура баскычтарында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдыктардын абалы (өздүк баалоонун отчету) боюнча факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т.М. баяндама жасады. Мында ал 2022-2023-окуу жылында бакалаврдын "Лингвистика" жана "Кытай таануу" багыттары Казакстандын "НААР" агентигинен, ал эми бакалаврдын "Филология" жана магистратуранын "Лингвистка" багыттары "EdNet" агентсвосунан көз карандысыз аккредитациядан өтө тургандыгын, EdNetтин стандарттарынын ички критерийлеринде өзгөрүүлөр бар экендигин, 2018-жылы жазылган өздүк баалоонун отчётун окуп, анализдегенде жаңыланган критерийдеги суроолорго жооп берүү менен биз 40 гана пайыз маалымат ала тургандыгыбызды, жаңыланган стандарттын ички критерийлеринин суроолору так берилгендигин айтты. Ошону менен бирге азыркы учурда берилген бардык стандарттарга жооп ирети менен жазылып жаткандыгына, анын ичинен биринчи стандарттын критерийлерине толук жооп жазылгандыгын, ар бир жазылган жоопко жасалган иш-аракеттердин ссылкасы кошо берилип жаткандыгына, эгерде баардык стандарттарга жооп жазылып бүткөндөн соң окутуучулар талкууласа, анда көп убакыт керектеле тургандыгына, ошондуктан ар бир стандарттын критерийлерине жооп жазылган соң окутуучулар менен биргеликте дароо талкууланса, ошондо жаңы

өздүк баалоонун отчетундагы кемчиликтерди толуктоого жана башка стандарттарды да тез арада жазып даярдоого мүмкүнчүлүк боло тургандыгына да кеңири токтолду.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы Т.М. Абдыкаарова бакалавр жана магистратура баскычтарында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө карата даярдыктардын абалы (өздүк баалоонун отчету) жөнүндө айтылган баяндаманы канааттандырарлык деп табылуусун жана бул боюнча берилген сунушту кабыл алуусун добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуш кабыл алынды.

**2. Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Пазылов Т.С. практикаларды уюштуруунун абалы, андагы көйгөйлөр жана анын перспективалары боюнча баяндама жасады. Мында 2022-2023-окуу жылында өтүүчү: окуу, өндүрүштүк жана профилдик практикалардын качан жана кайда өткөрүлөөрү, канча убакытка чейин болоору жөнүндө маалымат берип, практика жетекчилеринин милдеттери жөнүндө, практиканын графиги жана практикалардын түрлөрү боюнча даярдалган күндөлүк боюнча да тааныштырып өттү. Андан сырткары 2022-2023-окуу жылына карата ЗАО “Южно Кыргызский Цемент”, Ош шаарынын мериясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгы ж.б.у.с. мекемелер менен түзүлгөн келишимдер боюнча да маалымат тоолуктап кетти. Практикаларды уюштурууда негизги көйгөйлөр болуп практика өтөй турган жерлердин көп эместиги жана практика өтүлө турган жактын шарттары эсептелээрин айтты. Мындан сырткары кийинки жылдан “Филология” багыты боюнча да практика өтүлөөрүн айтып, андагы көйгөйлөрдү алдын ала жоюу боюнча да белиглеп кетти. Жогоруда айтылган маселелер Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынды.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана даярдалган күндөлүктөр бекитилди.

**3. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча маселелер. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу, өнүктүрүү боюнча маселелер**.

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Шеранова Н.“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча баяндама жасады. Мында ал факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштурууну өнүктүрүү боюнча кыскача айтып берди. Алсак, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучулар арсында Scopus,Web of Science ж.б.у.с.көптөгөн эл аралык журналдарга берилген илимий-изилдөө иштери өз деңгээлинде жүргүзүлүп жаткандыгын, ал эми кээ бир окутуучуларыбызда илимий-изилдөө иштеринин жүрүшү өтө төмөн экендигин, муну менен бирге кафедранын ичинде дагы илимий-изилдөө иштеринин абалын жогорулатуу зарыл экендигин айтты. Ал эми факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу боюнча 2021-2022-окуу жылынын аягында факультеттин ичинде “Жаңы кылым” аттуу студенттик илимий ийрим ачылып ага тиешелүү документтер даярдалып, кол коюлуп, ОшМУ тарабынан бекитилгендигин эске салды. Илимий ийримдин мүчөлөрү болуп 1-курстан 3-курска

чейинки студенттер арасынан 23 студент тандалып, алар катталгандыгын, 2022-2023-окуу жылында бул студенттик илимий ийримдин иш планы окумуштуулар кеңешинин биринчи отурумунда талкуууга коюлуп, оңдоо, түзөтүүлөрдүн негизинде даярдалып, кол коюлуп, ОшМУ тарабынан бекитилгендигин, азыркы учурда бекитилген иш план менен факультеттеги студенттердин илимий иштери жогорулап жаткандыгын баса белгиледи. Ошондой эле 1-курстан баштап 4-курска чейинки студенттерибиздин арасынан "Жаңы кылым" ийримине, "Дүйнөлүк илим күнүнө" карата өткөрүлгөн иш-чарага, БГУнун "Кыргыз-Кытай мамилелери жаштардын көзү менен" аттуу илимий-практикалык конференциясына, ОшМУнун илимий департаменти тарабынан уюштурулган семинар, конференцияларга доклад окушуп, мыкты деңгээлдерин көрсөтө алышкандыгын, алардын ичинен активдүү катышкан студентерибиз диплом, сертификаттар менен сыйланышкандыгын да айтып өттү.

Төрага Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**4. Ар түрдүү маселелер**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев 2022-2023-окуу жылында "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучулары Т.К. Айтикеев, Шамшиев Нурбек, Алтынбеков Аваз, Суранчиев Бекболсун жана Акылбек уулу Эрлан агайлардын жазып чыккан «HSK1-5+Жумушчу дептер» даяр болгондугун айтты. Мында төрага «HSK1-5+Жумушчу дептер» Кыргыз тилдүү кытай тилин үйрөнүүчүлөргө арналган иероглиф жазууну үйрөтүүчү атайын дептер экендигин, бул дептерде HSK1-5 деңгээлиндеги сөздөр камтылып, алардын жазылуу эрежелери көрсөтүлгөндүгүн, иероглифти туура жазуу эрежесин жакшы өздөштүрүү үчүн, атайын торчолор берилгендигин, жалпысынан алып караганда, бул дептер иеролгифти туура жазууну гана үйрөтпөстөн, иероглифтерден куралган сөздөрдү жаттап калууга да шарт түзөөрүн айтып өттү. Андан соң бул маселе Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынып, даяр болгон эмгекти басмаканадан басып чыгарууга даяр экендиги айтылды.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. даярдалган «HSK1+Жумушчу дептерди» бекитүүнү добушка койду.

Макул – 15;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен даярдалган «HSK1+Жумушчу дептер» бекитилди.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Бакалавр, магистратура баскычтарында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдыктардын абалы жөнүндө жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана өздүк баалоонун отчету "НААР", "EdNet" агентстволорунун жаңыланган стандарттарынын негизинде даярдалсын.
2. 2022-2023-окуу жылына карата практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндөгү баяндама талкууланды деп эсептелсин жана жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын.

3. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын илимий-изилдөө иштери жана факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу, өнүктүрүү боюнча жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана берилген сунуштар аткарылсын, аткаруу жагы жооптуу адамдарга жүктөлсүн.
4. Т.К. Айтикеев, Шамшиев Нурбек, Алтынбеков Аваз, Суранчиев Бекболсун жана Акылбек уулу Эрлан агайлардын «HSK1-5+ Т.К. Айтикеев Т.К. Айтикеев Жумушчу дептери» бекитилсин жана аны басмадан басып чыгарууга уруксат берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**